УДК: 338.91: 312.9

Алайчиев Э.К.

*Ош мамлекеттик университети*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ КАЛКТЫН ӨСҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

*Макалада 1897-жылдан 2016-жылга чейинки Кыргызстандын аймагындагы эл каттоолордогу калктын өсүү тенденцияларына экономикалык-географиялык аспектиде баа берилүү менен, андагы тарыхый этаптардагы демографиялык процесстерге таасир эткен экономикалык, социалдык жана саясий факторлор мүнөздөлгөн. Ошону менен катар ал процесстердин негизи өбөлгөлөрү чагылдырылган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *демография, калк, калктын динамикасы, миграция, эмиграция, иммиграция, калктын жайгашуусу, эл катоо.*

*В данной статье дается экономико-географическая оценка тенденций развития населения Кыргызстана в переписях населения с 1897 года по 2016 год, а также экономические, социальные и политические факторы, влияющие на демографические процессы в истории. Отражены основные предпосылки демографических процессов.*

***Ключевые слова:*** *демография, население, динамика населения, миграция, эмиграция, иммиграция, плотность населения, размещение населения, перепись населения.*

Тарыхта биринчи жолу кыргыз калкынын саны боюнча маалыматты XIX кылымдын орто ченинде атактуу этнолог, султан Ч.Ч.Валиханов аныктаган жана анын болжолу боюнча ал 300 миң адамды түзгөн. Ошону менен бирге ал «Кыргыз урууларынын бардык санын аныктап билүүгө мүмкүн эмес. Алар жашаган жерлерге баруу өтө кыйын жана татаал», - деп белгилеген [3].

Кээ бир материалдардын негизинде кыргыздардын саны жөнүндө чындыкка жакын корутундулоолорду башка авторлор да жасашкан. Мисалы В.В.Радлов кыргыз манаптарынан алган маалыматтары боюнча: «Өткөн доордун баш ченинде 80 миң боз үй болуп, же 800 миңден ашуун адам жашагандыгын кабарлайт» [11].

Оруссия империясынын ички иштер министирлигинин чиновниги А.А.Половцов жергиликтүү тургундардын ой-пикирлерине таянуу менен «кыргыздар таптакыр кырылып кетпейт» деп белгилеген [10].

Советтик тарых илими өлкөнүн көп улуттуу калкынын калыптанышынын жана аскерлерге тиешелүү болгон суроолорду кароодо, аларды үйрөнүүдө бир кыйла чоң жетишкендиктерге ээ болуу менен окумуштуулардын эмгектерде изилденген. Алар Н.Е.Басмахановага [2], жана Г.К.Кронградка [4] тиешелүү. Булардын эмгектеринде Кыргызстандын территориясындагы көчүү кыймылын изилдеп чыгышып, бул прогресстин өлкөнүн калкынын улуттук составынын калыптанышына тийгизген таасиринен белгилүү болгон жыйынтыктарды чыгарышкан.

Калктын санынын динамикасы, калктын көрсөткүчтөрүнүн негизгилеринин бири болуп, анда коомдук формациянын алмашуусу, калктын коомдук өндүрүштөгү жумуш менен камсыз болуу деңгээли жана экономиканын өсүп өнүгүү даражасы, аны менен катар башка социалдык-экономикалык окуялар чагылдырылганы көрүнүп турат.

Калктын саны бир учурдагы көрсөткүчкө ээ болгондуктан, дайыма белгилүү бир мезгилге тиешелүү маалыматты камтыган. Ушул көз караш менен алганда, Кыргызстандын калкынын сандык динамикасын үйрөнүү жана ага илимий иликтөө жүргүзүү кызгууну жаратат. Анын өзгөчөлүктөрү, жылыштары, калктын өсүп-өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн мүнөзүн жана маңызын сүрөттөйт.

Маалым болгондой, Кыргызстандын бардык аймактарында он жолу эл каттоо өткөрүлгөн жана акыркы эл каттоо 2009-жылдын 24-мартынан 2-апрелине чейин «Кыргыз

Республикасынын 2009-жылы эл жана турак-жай фондун каттоо» атуу эл каттоо жүргүзүлгөн.

Кыргызстандын аймактарындагы калктын сандык динамикасын, Орусия бийлигинде 1897-ж., СССР мезгилиндеги 1913-1926-1939-1959-1970-1979-1989-жж. жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети (КРУСК) тарабынан уюштурулган эл каттоолордун 1999-2009-жж. жана 1-январь 2016-жылдагы отчёту боюнча төмөнкүдөй маалыматтардын негизинде изилдөө иштерин жүргүзөбүз [5, 6, 7, 8.]. Ал жылдардагы маалыматтар боюнча аймактагы калктын динамикасындагы сандык көрсөткүчтөргө илимий изилдөөлөрдү төмөндөгү 1-таблицада жана 1-2-3-сүрөтөрдө анализдеп көрөлү.

1-таблица **1897-жылдан, 2016-жылдын 1-январына чейинки Кыргызстандын аймагындагы калктын санынын өсүү динамикасы**

| *№* | *Аталышы* | *Жылдар* | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | *1897* | *1913* | *1926* | *1939* | *1959* | *1970* | *1979* | *1989* | *1999* | *2009* | *01.01. 2016* |
| **1** | **Жалпы калк. саны (миң)** | **663** | **863,9** | **1001,7** | **1458,5** | **2066,1** | **2933,2** | **3529,0** | **4290,5** | **4850,7** | **5107,7** | **6019,5** |
| 1а | Базистүү өсүш % менен | 100,0 | 130,3 | 151,1 | 219,9 | 311,6 | 442,4 | 532,3 | 647,1 | 731,6 | 770,4 | 907,9 |
| 1б | Эл каттоо арасындагы өсүш % менен | 100,0 | 130.3 | 115,9 | 145,6 | 141,6 | 141,9 | 120,3 | 121,5 | 113,1 | 105,3 | 117,8 |
| 1в | Жылдар арасын. өсүш (миң) | ЭКАӨ | 200,9 | 137,8 | 456,8 | 607,6 | 867,1 | 595,8 | 761,5 | 560,2 | 257,0 | 911,8 |
| | | ЖАӨ | 12,6 | 10,6 | 35,2 | 30,4 | 78,8 | 66,2 | 76,2 | 56,0 | 25,7 | 30,2 |
| **2** | **Айыл-кыштак калкы (миң)** | **614** | **758,1** | **879,4** | **1188,4** | **1369,9** | **1835,7** | **2162,7** | **2649,6** | **3136,9** | **3304,8** | **3990,0** |
| 2а | Базистүү өсүш % менен | 100,0 | 123,5 | 143,2 | 193,6 | 223,1 | 298,9 | 352,2 | 431,5 | 510,9 | 538,2 | 649,8 |
| 2б | Эл каттоо арасындагы өсүш % менен | 100,0 | 123,5 | 116,0 | 135,1 | 115,3 | 134,0 | 117,8 | 122,5 | 118,4 | 105,3 | 120,7 |
| 2в | Жылдар арасын. өсүш (миң) | ЭКАӨ | 144,1 | 121,3 | 309,0 | 181,5 | 465,8 | 327,0 | 486,9 | 487.3 | 167,9 | 685,2 |
| | | ЖАӨ | 9,0 | 9,3 | 23,8 | 9,1 | 42,3 | 36,3 | 48,7 | 48,7 | 16,8 | 97,8 |
| **3** | **Шаар калкы (миң)** | **49** | **105,8** | **122,3** | **270,1** | **696,2** | **1097,5** | **1366,3** | **1640,9** | **1713,8** | **1802,9** | **2029,5** |
| 3а | Базистүү өсүш % менен | 100,0 | 215,9 | 249,6 | 551,2 | 1420,8 | 2239,8 | 2788,4 | 3348,8 | 3497,6 | 3679,4 | 4141,8 |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3б | Эл каттоо арасындагы өсүш % менен | 100,0 | 215,9 | 115,6 | 220,9 | 257,7 | 157,6 | 124,5 | 120,1 | 104,4 | 105,2 | 112,5 |
| 3в | Жылдар арасын. өсүш (миң) | ЭКАӨ | 56,8 | 16,5 | 147,8 | 426,1 | 401,3 | 268,8 | 274,6 | 72,9 | 89,1 | 226,6 |
| | | ЖАӨ | 3,6 | 1,3 | 11,4 | 21,3 | 36,5 | 29,8 | 27,5 | 7,3 | 8,9 | 32,3 |

*Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын биринчи эл каттоосунун негизги жыйынынан 1999-ж. Бишкек., 2001. 91 с., Ош обл. архив. Ф.105., оп.1. дело 3193, л. 105.57., Ош обл. Б.С.К. отчету, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин жылдык отчеттору.*

*Талицада кыскартылган сөздөргө түшүндүрмө: ЭКАӨ- эл каттоолор арлыгындагы өсүш, ЖАӨ- жылдар арлыгындагы өсүш.*

Бул таблицадагы маалыматтарды анализдөөдө төмөндөгү формуланы колдонуу менен базистүү жана жылдар аралык калктын сандык жана пайыздык өзгөрүүлөрүн көрө алабыз:


$$\Delta_{t-1} = P_t - P_1$$

Мында $\Delta_{t-1}$ - абсолюттук калктын жогорулоосу, $P_t$ - калктын саны жыл башында, $P_1$ - калктын саны жыл аягында.

Ал эми калктын жылдар ортолугундагы сандык өсүшүн тактоодо төмөндөгү формуланы колдонобуз:


$$\overline{P} = \frac{P^t + P^{t+1}}{2}$$

Мында $\overline{P}$ - калктын жылдык орточо сыны (t – эсептелүүчү жыл), $P^t$ - жыл башындагы калктын саны, $P^{t+1}$ - жыл аягындагы калктын саны.




1-сүрөт. Кыргызстандын аймагындагы калкынын санынын өсүү динамикасы (миң адам)

Бул таблицада жана диаграммада көрүнүп тургандай, Кыргызстандын аймагында обочолонгон тарыхый өсүп-өнүгүү доорлору менен байланыштуу үч түрдүү тенденция байкалууда: биринчиси, революция мезгилинде 16 жылды өз ичине камтып, 1897-жылдан 1913-жылга чейин калк 200,9 миң адамга көбөйүп, башкача айтканда, 30,3%га өскөн. Калктын орточо жылдык көбөйүүсү 12,6 миң адамды түзгөн. Калктын өсүүсү төрөлүүнүн жогорулугу менен шартталат.





2-сүрөт. Кыргызстандын аймагындагы калкынын санынын өсүү динамикасы (миң адам)

Революцияга чейин Кыргызстандын аймагындагы калктын өсүүсү социалдык-экономикалык терс факторлор менен тоскоолдукка учураган. Калктын негизги массасынан кол өнөрчү жана дыйкандардын өкүлдөрү жана колунда мал-мүлкү, байлыгы барлар тарабынан эзүүчү тараптын негизинде эксплутацияланышкан.

Ал мезгилдеги уруулар аралык «барымтасы» менен ич ара согуштардын кесепетинен көпчүлүк учурларда жергиликтүү жарандар жабыр тартышып, ачарчылык, жакырчылык, медициналык мекемелердин жоктугу, сабатсыздык, камсыз болбогон карылык жана калктын көпчүлүгү көчмөн турмуш кечиргендиги, социалдык гигиеналык шарттардын төмөн экендиги ж.б. менен түшүндүрүлөт [1].

Октябрь революциясынын жеңиши демографиялык процесстерге маанилүү таасир тийгизип, калктын маданий жана коомдук экономикалык турмушунда кайра курууларды алып келди. Анын далили советтик бийлик доорунда Кыргызстандын аймагынын калкынын сандык жактан тез өсүүсүнө негиз болду.




3–сүрөт. Кыргызстандагы эл каттоолордогу жана 2016-жылдагы калктын сандык (миң адамга) көрсөткүчү.

1-таблицадан, 1-2- жана 2-сүрөттөрдө көрүнүп тургандай, экинчи эл каттоо мезгилинде граждандык согуш, басмачылык, ачарчылык жана башка тарыхый себептер да калктын санынын өсүүсүн токтото алган жок. Тескеринче, аз темпте болсо да, аймактын калкынын саны 11 жылда, 1913-жылдан 1926-жылга чейин 137,8 миңге көбөйдү, же 15,9%га өскөн. Калктын орточо жылдык өсүшү ушул убакта 10,6 миң адамды түзгөн. Бирок биринчи эл каттоодогу өсүү темпине караганда 62,8%га аз болгон.

Үчүнчү эл каттоонун маалыматтары боюнча 1926-жылдан 1939-жылга чейинки аралык Кыргызстан үчүн социалдык курулуш, калктын экономикалык, саясий жана маданий турмушунда кайра куруу доору башталган. Бул мезгил үчүн айыл чарбасын коллективдештирүү, көчмөн чарбаларды туруктуу орноштуруу, индустриалдаштыруу темпин тездетүүгө байланыштуу айылдар жана шаарлардын саны да өсө баштаган. Бул убакта Кыргызстандын аймагынын калкы жогорку темп менен өсүп, анын өсүшү 456,8 миң адамды түзгөн, башкача айтканда, 45,6%га жогорулаган. Башка союздук республикалардын калкынын өсүү темпине салыштырганда 2,3 эсе жогору болгон. Ал эми калкынын орточо жылдык өсүүсү 35,2 миң адамды түзгөн.

Экинчи терс көрүнүш 1939-1959-жж. аралыгындагы эл каттоо мурдагы эл каттоого салыштырганда, калктын өсүү темпинин бир кыйла төмөндөшү менен айырмаланат. Демографиялык процесстердин бурулушуна Улуу Ата Мекендик согуш өз таасирин тийгизген. Ал эркектердин санынын кескин азайып кетишине алып келген. Мунун натыйжасында калктын жаш-жыныстык структурасы бузулган. Никелешүү мүмкүнчүлүктөрү турмушка ашпай калган көпчүлүк үй-бүлөдө атасынан, же күйөөсүнөн ажыраган (негизинен, эркектерден), калктын өсүү темпи кескин төмөндөгөн. Ушул өңдүү терс көрүнүштөр аймактын калкынын өсүү темпине өз таасирин тийгизген.

Согуш жылдарынан кийин калктын материалдык жыргалчылыгынын жогорулашы жана экономиканын өсүп-өнүгүсүнүн натыйжасында калктын көбөйүүсү байкалган. 1959-жылы согуштун терс натыйжаларына карабастан, калктын саны 1939-жылга салыштырганда 607,6 миң адамга көбөйүп, 20 жылда аймактын калкы 41,6%га өстү, орточо жылдык өсүү 30,4 миң адамды түзгөн.

Калктын өсүүсүнүн жогорку көрсөткүчү 1959-1970-жж. аралыгындагы эл каттоодо байкалган. Ушул жылдары жаңы эл чарбасындагы өзгөрүүлөр, өндүрүштүк курулуш комплексинин өнүгүшү менен бирге ири турак-жай курулушу, айыл чарбасын интенцификациялоо, жугуштуу ооруларды азайтуу, саламаттыкты сактоону интенсивдүү уюштуруу жана медициналык тейлөөнү жакшыртуу иштери активдүү жүргүзүлгөн. Мындай максаттуу өзгөрүүлөр төрөлүүнүн көбөйүүсүнө жана өлүмдүн төмөндөшүнө алып келген. Никелешүү коэффициенти өсүп, айрыкча, ал фертилдик жаштагы аялдарда жогору болгон. Мунун баары калктын санынын өсүүсүнүн 1959-1970-жж. аралыгында көрсөткүчү 11 жылда 867,1 миң адамга жеткен, же 41,9%ды түздү, ал эми калктын орточо жылдык өсүүсү 78,8 миң адамды түзгөн.

Кезектеги 1970-1979-жж. ичинде 9 жылда бул көрсөткүч 595,8 миң адамдын деңгээлинде болуп, 20,3%ды, башкача айтканда, калктын орточо жылдык өсүүсү 66,2 миң адамды түзгөн.

КПССтин XXIV съездинин 1971-1975-жылдардагы эл чарбасынын өсүп-өнүгүү директиваларынын негизинде калктын материалдык жана маданий керектөөлөрүн толук канааттандыруу жөнүндө көрсөтмөлөр берилген. Чындыгында, калктын керектөөлөрү жакшыртылып, индустриализация жана илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү менен бирге калктын өсүү темпин коштоп турган. Ошол мезгилде аймактардагы миграциянын күч алуу аракетинин импульсу башталган [1].

1979-1989-жж. эл каттоонун натыйжаларынан көрүнгөндөй, Кыргызстандын аймагынан тышка чыгып кетүү миграциясы бир кыйла күчөгөн. Ошого карабастан, калктын саны 761,5 миң адамга жетип, же 21,5%га өскөн, ал эми орточо жылдык өсүү 76,2 миң адамды түзгөн.

Үчүнчү терс көрүнүштөгү тенденция 1989-1999-жж. эл каттоонун жыйынтыктарын мурдагы эл каттоолорго салыштырганда Кыргызстандын аймагындагы калктын өсүү темпи чукул төмөндөгөн. Буга аймактагы экономикалык кризистин натыйжасында жана жаңы рыноктук механизмдер орус тилинде сүйлөгөн калктын Оруссияга жана КМШ мамлекеттерине имиграцияланышы себеп болгон. Республиканын экономикасындагы терең кризис, СССРдин бузулушу менен экономикалык байланыштардын үзүлүшү, жаш мамлекеттердин эгемендүү болушу менен алардын ортосундагы бажылык тоскоолдуктардын пайда болушу, рыноктук экономикага өтүшү жана ушул өткөөл доор менен байланыштуу болгон социалдык-экономикалык маселелердин пайда болушу калктын өсүүсүнө терс таасирин тийгизген. Калктын турмушунун деңгээлинин төмөндөшү жана жакырчылыктын таралышы, өлүмдүн, айрыкча, жаш балдардын өлүмүнүн көбөйүшүнүн натыйжасында табигый өсүүнүн көрсөткүчтөрү төмөндөгөн. 1999-жылдагы миграциянын туу чокусу болуп, анын терс сальдосу белгиленди. Ошондой болсо да калктын саны 560,2 миң адамга көбөйгөн, же 13,1%га өскөн. Орточо жылдык өсүү 56,0 миң

адам болуп, мурдагы 1989-жылга салыштырганда калктын өсүүсү 8,4%га аз болгондугу байкалган.

Ал эми 2009-жылдагы көрсөткүч боюнча жалпы калк 257,0 миң адамды түзүү менен бирге табигый өсүү 5,3%ды түздү. Орточо жылдык өсүү 257,0 миңге көбөйүп, мурдагы он жылдыкка салыштырмалуу 7,8%га табигый өсүү төмөндөгөн.

Ал эми 1-январь 2016-жылга карата 7 жылдын ичинде Кыргызстандагы калк 6019,5 миң адамды түзүү менен, 911,8 миң адамды көбөйүп, табигый өсүш 17,8%га жогорулаган. Орточо жылдык өсүш 130,2 миң адамга өскөн.

Кийинки он жылдыкта социалдык-экономикалык абалдын жакшырышы, башкача айтканда, мектеп окуучуларына бир маал тамак берилүүсү, пенсия жана пособиелердин көбөйүшү жана өз мезгилинде берилүүсү, ошону менен катар бүт бюджеттик тармакта иштегендердин айлык маянаналарынын көтөрүлгөндүгү калктын табигый өсүүсүнө оң таасирин тийгизген. Бирок, жалпысынан алганда, тышкы миграциянын тескери сальдосу калктын табигый өсүүсүнө түздөн-түз терс өз таасирин тийгизүүдө.

Кыргызстандын аймагындагы калктын өсүү темпин 100 жылдан ашуун аралыктагы (1897-2016-жж.) мөөнөт боюнча анализдеп жана талдаганда, калктын саны 5356,5 миң адамга көбөйүү менен 907,9%га чейин жогорулап, тактап айтканда 8,9 эсеге көбөйгөндүгү байкалат.

Белигилеп кетүүчү нерсе, 2015-жылдын 25-ноябрында Кыргызстандын калкы 6000,0 миң адамга жеткендиги маалым болду.

Мына ушинтип, иликтенген жылдар боюнча аймактын калкынын жалпы өсүү динамикасы түрдүү темп менен өзгөргөн. Жогорудагы таблица менен графикте көрүнүп тургандай, калктын чукул көбөйүшү 1959-1970-жж. арасындагы өсүш 78,8%га жана 1979-1989-жж. 76,2%га жеткен. Бул жылдар аралык өсүш жогоруда белгилегендей Кыргызстандагы калктын көбөйүүсүнө мамлекет тарабынан болгон демографиялык саясаттын жакшырышы менен социалдык жактан калкты колдоонун күчөшү, маданий турмуштун жогорулоосу, интенсивдүү медициналык тейлөө ж.б. себептери негиз боло алат.

Калктын сандык өсүү динамикасы стабилдүү көрүнүш акыркы 2009-жылдагы эл каттоодон кийинки мезгилдерде да байкалат. Тактап айтканда, 2016-жылы 30,2%га калктын өскөндүгү алдыда болгон эл каттоолорго караганда кыйла жогорулагандыгы көрүнүүдө. Ал, негизинен, Кыргызстан өз эгемендүүлүгүнө ээ болгондон кийинки мезгилдеги биринчи жолку калктын сандык жактан жогорулагандыгы байкалууда. Бул, негизинен, аймактагы экономикалык кризистеги жана саясий абалдын терс көрсөткүчтөрү жана ал жагдайлардын жакшыргандыгы калктын динамикасына оң таасирин көрсөтүүдө.

Ал эми аймактагы калктын динамикасындагы эң аз санда көбөйүү пайызы төмөнкүдөй үч тенденцияга байланыштуу: революцияга чейинки жана СССР түзүлүү мезгилиндеги доордо (1897-1917-1926-жж.) 15,4%дан 30,3%га, экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде (1939-1959-жж.) 30,4%га, СССРдин кулагандан кийинки жана эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилинде (1999-2009-жж.) 25,7%гы көрсөткүчтү байкоого болот.

Изилдөө мезгилинин ичинде Кыргызстандын аймагындагы миграциялык агымдарды эске алуунун негизинде, айыл-кыштак жана шаар калкынын табигый өсүү аракетиндеги чоң айырмачылыктар, аймактагы калктын динамикасынын көрсөткүчтөрүндөгү жыйынтыкты берет. Ошондуктан айыл-кыштак жана шаар калкынын өсүү процесстериндеги аймактык өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү үчүн аларды өзгөчө анализге алуу максатка ылайыктуу.

Жогоруда белгиленгендей, революцияга чейинки мезгилде калктын көбөйүшүнө тийгизген көптөгөн терс факторлордун таасирине карабастан, айыл-кыштак калкынын саны 144,1 миң адамге же 9.0%га көбөйгөн. Бул убакыттын ичинде шаар калкынын саны 56,8 миң адамга, башкача айтканда, 3.6%га жогорулаган. Айыл-кыштак жана шаар калкынын өсүү динамикасы төрөлүүнүн жана өлүмдүн көрсөткүчтөрү аныкталган. Ал мезгилдеги окуялар ар тараптан эзилген элге мүнөздүү болгон.

Кыргызстандын аймагындагы калктын прогрессивдүү өсүүсү социалисттик кайра куруу мезгилине мүнөздүү. Бирок айыл-кыштак жана шаар калкынын көбөйүүсүндө демографиялык, социалдык, маданий факторлордон келип чыккан олуттуу өзгөчөлүктөрү бар.

Статистикалык булактарды анализдеп, ошол мезгилдеги айыл-кыштак калкынын сандык динамикасы табигый өсүүнүн таасири астында калыптанган. Ага башка коомдук-социалдык кубулуштардын таасири аз болгон. Шаар жерлеринде тескерисинче башка аймактардан келген интенсивдүү миграциялык агымдар бир кыйла калктын өсүүсүнө маанилүү роль ойногон. Ошону менен катар шаарлар менен бирге шаарчалардын өсүү темпи жогорулаган. Айыл-кыштак жана шаардык пункттардын, өнөр жай борборлорунун коммуналдык тейлөө мекемелеринин, агартуу мекемелеринин, саламаттыкты сактоо жана маданий борборлордун, эл чарбасы үчүн квалификациялуу кадрларды даярдоонун кеңейиши, калктын социалдык-экономикалык өнүгүшү демографиялык процесстерге чоң таасирин тийгизген.

1-таблицадагы маалыматтар боюнча 1897-1917-жж. арасындагы шаар калкынын өсүү темпи 115,9%га (56,8 миң адамга), ал эми орточо жылдык өсүү 3,6 миң адамга жеткен. Ушул убакта айыл-кыштак калкынын өсүшү 23,5%га көтөрүлгөн (144,1 миң адамга), орточо жылдык өсүү 9,0 миң адамды түзгөн.

Ал эми бул көрсөткүч 1917-1926-жж. шаар калктын өсүү темпи 15,6%га (16,5 миң адамга) жэ орточо жылдык өсүш 1,3 миң адамга жогорулаган. Айыл-кыштак калкы 16,0%га (121,3 миң адамга), же орточо жылдык осүш 9,3 миң адамга көбөйгөнү көрүнүүдө.

Кийинки 1926-1939-жж. шаар калкынын өсүү темпи 120,9%га (147,8 миң адамга) жогорулоо менен орточо жылдар арсында 11,4 миң адамга көбөйгөн. Бул көрсөткүч айыл-кыштактарда 35,1%га (309,0 миң адамга), жэ орточо жылдар арсындагы өсүш 23,8 миң адамга жогорулаган.

Согушка чейинки беш жылдыкта өнөр жайдын өсүшү, Улуу Ата Мекендик согуш жана согуштан кийинки жылдарда да жаңы шаарлардын пайда болушуна алып келди. Айрыча Кыргызстандын аймагында 5 шаар, 11 шаарча болгон жана шаар калкы 108,0 миңден 258,7 миңге чейин көбөйгөндүгүн же 2,5 эсеге өскөндүгүн белгилөөгө болот.

Согуштан кийинки убакта маданий курулуштардын күчөшү, бир жагынан, жаңы өнөр жайлуу шаарлардын пайда болушу, айыл-кыштактардын инфраструктурасынын жакшырышы, айыл чарба өндүрүшүнүн кеңейтилиши жана өндүргүч күчтөрүнүн өркүндөшү демографиялык процесстердин маңызынын жана формасынын бир кыйла өзгөрүүсүнө алып келди. Бул көрүнүштөрдүн негизинде 1939-1959-жж. аралыгындагы калктын данамикасы шаарларда 157,7%ды түзүүнүн негизинде, 426,1 миң адамга көбөйсө, айыл-кыштак калкы 91 миң кишиге көбөйгөндүгүн же 15,3%га өсүү менен 181,5 миң адамга көбөйгөнүн маалымдайт.

Кыргызстандын аймагынын калкынын экономикалык жана маданий жактан өсүүсү аймактын динамикасына, курамына жана структурасына таасирин тийгизип, ал сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр менен коштолуп, бир мезгилдин ичинде анын көбөйүүсүндө жаңы белгилер калыптанды. Бул өзгөрүүлөр аймактагы өлүмдүн санынын төмөндөшү менен байланыштуу (1940-жылы 14.6, 1969-жылы 6.9 миң адамга, башкача айтканда, өлүм эки эсеге төмөндөгөн). Өлүмдүн мындай төмөндөшү мамлекеттеги экономикалык-социалдык жактан өсүүсү, медициналык жетишкендиктери, саламаттыкты сактоонун жакшырышы, калктын турмуш деңгээлинин жогорулашына алып келди. Бирок татаал комплекстүү факторлордун таасири менен шаарларда төрөлүү төмөндөп, ал эми 1970-жылы айыл-кыштак жеринде ал процесске бир кыйла жогорулап, ал 40 промилл чегинде туруктуу абалда болгон.

1950-жылдан кийин миграциялык агымдардын интенсивдүүлүгү бир кыйла төмөндөгөн. Бул маалыматтардан улам шаар жана айыл-кыштак калкынын сандык динамикасында бир топ айырмачылыктар бар экендиги билинген.

Кийинки 11 жылдын ичинде (1959-1970-жж.) шаар калкы 57,6%га өскөн, же орточо жылдык өсүү 36,5 миң адамды түзүп, ушул эле убакта айыл-кыштак калкы 34,0%га жетип, орточо жылдык өсүү 42,3 миң адамды түзгөн. Сандык көрсөткүчтөр боюнча шаар калкынын өсүү темпи айыл элине караганда бир топ төмөн экендиги байкалат.

1970-жылдан кийин 1979-жылдарга чейин индустриялаштыруунун натыйжасында шаар калкынын саны айылдан келген имигранттардын эсебинен өсүп, ал эми айыл-кыштак калкынын өсүшү табигый өсүүнүн эсебинен камсыздалган. Бул мезгилдеги калктын өсүү темпи шаарда 24,5%ды түзүп (268,8 миң адамга), жылдар арасындагы калктын өсүүсү 29,8 миң адамды түзсө, айыл-кыштактарда 17,8%га жогорулоо менен (327 миң адамга) жылдар аралык өсүү 36,3 миң адамга жогорулаган.

Ал эми 1979-1989-жж. аймактагы калктын шаардагы өсүү темпи 20,1%ды түзсө (274,6 миң адамга), жылдар аралык көрсөткүч 27,5 миң адамга көбөйгөн. Ушул эле көрсөткүч айыл-кыштак жерлеринде 22,5%ге жогорулоонун негизинде (486,9 миң адамга) жылдар аралык өсүү темпи 48,7 миң адамга көбөйгөн.

1889-жылдан 1999-жылга чейинки берилген маалымат боюнча шаар жана айыл-кыштак калкынын өсүүсү бир кыйла төмөндөгөндүгү байкалат. Орус тилинде сүйлөгөн калктын санынын азаюусу эмиграциянын жогорулоосуна алып келип, өнөр жайы өнүккөн өлкөлөргө көчүп кетүү күчөгөн. Мурдагы мезгилдерге салыштырганда төрөлгөндөрдүн саны азайып, өлгөндөрдүн саны көбөйгөн, никелешүү саны да төмөндөгөнү байкалат. Мындай демографиялык процесстерге экономикалык кризис, жаңы рыноктук механизмдин кириши менен өндүрүштүн өнүдүрөмдүүлүгүнүн төмөндөшү жана айыл чарба комплексинин структурасынын бузулушу өз таасирин тийгизген. Ага карабастан, шаар калкы 4,4%га жогорулоо менен (72,9 миң адамга), жылдар арлык өсүш 7,3 миң адамга көбөйүп, айыл-кыштак калкы 18,4%га (487,3 миң адамга) көбөйүп, 48,7 миң адамга калктын саны жогорулаган.

Ал эми 1999-2009-жж. арасындагы маалымат боюнча шаардагы калк айыл-кыштак калкына караганда шаар жана шаарчаларда калктын санынын бир кыйла жогорулагандыгы байкалган. Буга мисал катары айыл-кыштак калкынын шаарларга карай миграциясынын күчөгөндүгүн, ошондой эле шаар жерлеринде эмгек орундарынын пайда болушун айтууга болот. Мунун натыйжасында айыл-кыштак жеринин жашоочуларынын шаар пункттарга карай агмынын күчөгөндүгүн көрүүгө болот. Бул жылдагы калктын өсүшүндөгү сандык көрсөткүч шаарда 5,2%га (89,1 миң адамга) жылдар аралыфңгында 8,9 миң адамга, айыл-кыштак калкы 5,3%га (167,7 миң адамга) 16,8 миң адамга жогорулагандыгы байкалат.

Ал эми акыркы алты жыл аралыгында 2009-2016-жж. калктын өсүү темпи шаар калкы 12,5%га (226,6 миң адамга) жылдар арлыгында 32,3 миң адамга, ал эми айыл-кыштак калкы 20,7%га (685,2 миң адамга) жылдар арлыгында 97 миң адамга өскөн. Бул сандык көрсөткүч алдыдагы жылдарга салыштырмалуу бир топ жогору экендиги байкалат.

Акыркы жылдардагы калктын сандык көрсөткүчтөрүнүн жогорулоосу аймактагы экономикалык, социалдык жана саясий жагдайлардын бир топ жакшырышы калктын өсүү темпине оң таасир тийгизди.

Жалпылап алганда, 1897-жылдан 2016-жылга чейинки аралыкта шаар калкынын өсүү динамикасын изилдөө менен бул мезгил ичиндеги калктын сандык өзгөрүүлөр 39,9 эсеге көбөйсө, ал эми айыл-кыштак калкы 41,4 эсеге өскөндүгүн аныктоого болот. Аймактагы бул бир кылымдан ашык мезгилдин ичинде, шаар калкынын санынын жогорулаган мезгили 1959-1970-1979-1980-2016-жж. туура келет. Ал эми айыл-кыштак калкынын өсүүсүн 1970-1989-1999-2016-жж. статистикалык маалыматтардан көрө алабыз. Бул боюнча жылдар аралыгындагы жогорку көрсөткүч шаарда калктын саны 21,5 миң адамдан 36,5 миң адамга

чейин, айыл жеринде 42,3 миң адамдан 109,7 миң адамга чейин калктын өскөндүгү байкалат.

Ал эми жогоруда белгилегендей, Кыргызстандагы ар түрдүү саясий, экономикалык жана социалдык терс көрүнүштөрдүн таасири менен шаар калкынын аз темптеги өсүү мезгилдери 1917-1926-1999-2009-жж. туура келүү менен 1,3 миң адамдан 8,9 миң адамга көбөйгөн, ал эми айыл-кыштактардагы көрсөткүч 1917-1926-1959-2009-жж. мүнөздүү болуп, 9,1 миң адамдан, 16,3 миң адамга чейин жогорулагандыгы сүрөттөлөт.

Ошентип, анализдөөдө көрүнүп тургандай, 100 жылдан ашуун мезгил ичинде Кыргызстандын аймагындагы калктын сандык динамикасынын өзгөрүүсү жана андагы сандык айырмачылыктар мезгилдер боюнча караганда түрдүү конкреттүү саясий, экономикалык, социалдык, саясий, маданий ж.б. факторлордун таасири астында өзгөргөнүн байкайбыз.

Тактап айтканда, аймактагы калктын динамикасына экономикалык жагдайдын жакшырышы калктын сандык жактан өсүүсүнө алып келген.

Ал эми аймактагы калктын соцалдык абаынын жогорулоосу үй-бүлө курууга, пландоого андагы балдарды тарбиялоодо, кесипке ээ болууда, ден соолугуна камкордук көрүүдөгү оң таасир тийгизип, калктын сандык жана сапаттык жактан өсүүсүнө түрткү берген. Ошону менен катар аймактагы саясий абалдын стабилдешүүсү да оң таасир тийгизген.

Адабияттар:


1. Алайчиев Э.К. Кыргызстандын түштүк аймагындагы демографиялык маселелер. - Ош, 2011. - 22-23-бб.
2. Бесмаханова Н.Е. Формирование многонационального населения Казахстана и Северной Киргизии (последняя четверть XVIII-60-е годы XIX вв.). - М., 1980.
3. Валиханов Ч.Ч. Записки о киргизах. Собр. соч. в 5-ти томах. - Алма-Ата, 1961. Т.1. - 302 с.
4. Кронгард Г.К. Население Киргизии в последней трети XIX - нач. XX в. (по материалам северных районов). - Фрунзе, 1989.
5. Кыргыз Республикасынын биринчи эл каттоосунун негизги жыйынынан 1999-ж. - Бишкек, 2001. - 91 с.
6. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин жылдык отчеттору 2014. - Б. 18-25.
7. Ош обл. архив. Ф.105., оп.1. дело 3193, л. 105.57.
8. Ош обл. Б.С.К. отчетунан 2016.
9. Народное хозяйство Ошской области. Статистический сборник. - Ош, 1966. - С. 170-251.
10. Половцов А.А. Отчет чиновника особых поручений при министерстве внутреных дел А.А.Половцова, командированного в 1896-1897 гг. для собрания сведений о положении переселенческого дела в Туркестанском крае. - СПб., 1898. - 83 с.
11. Радлов В.В. Из Сибири. - М., 1989. - 107 с.